**МАКУЛДАШЫЛДЫ**
**«Сапаттуу Билим» билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоо агенттигинин уюштуруучуларынын жалпы чогулушунда**
**№ 6 протокол "22" июль 2025-ж.**

**БЕКИТЕМ**
**«Сапаттуу Билим» билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоо агенттигинин директору**
**_________ Бостонова П.З.**
**"22" июль 2025-ж.**

# БАЙКООЧУЛАР КЕҢЕШИ ЖӨНҮНДӨГҮ ЖОБО

## 1. Жалпы жоболор

1.1. «Сапаттуу Билим» Агенттигинин Байкоочулар кеңеши (мындан ары – Кеңеш) агенттиктин ишмердүүлүгүнө коомдук көзөмөл жүргүзгөн, анын ачыктыгын, көзкарандысыздыгын, объективдүүлүгүн жана отчеттуулугун камсыз кылуу максатында иш алып барган коллегиалдуу орган болуп саналат.
1.2. Кеңеш өз ишмердүүлүгүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Агенттиктин Уставына, ушул жобого жана билим берүүнүн сапаты боюнча эл аралык стандарттарга таянат.
1.3. Кеңеш Агенттиктин оперативдик ишине кийлигишпейт, бирок анын ишмердүүлүгүн талдап, консультативдик баа берип жана стратегиялык өнүгүүгө байланыштуу сунуштарды киргизүүгө укуктуу.

## 2. Кеңештин максаттары жана милдеттери

2.1. Кеңештин негизги максаты – Агенттик жүргүзгөн аккредитация процедураларынын ачыктыгын, көзкарандысыздыгын жана объективдүүлүгүн камсыз кылууга коомдук жана кесиптик көзөмөл жүргүзүү.
2.2. Кеңештин милдеттери төмөнкүлөрдү камтыйт:
•Агенттиктин миссиясынын, максаттарынын жана принциптеринин сакталышын көзөмөлдөө;
•Агенттиктин ишмердүүлүгүнүн эл аралык стандарттарга жана сапат нормаларына шайкештигин талдоо;
•Агенттиктин ишмердүүлүгү боюнча отчетторду кароо;
•Агенттиктин стратегиялык өнүгүүсү боюнча сунуштарды киргизүү;
•Агенттиктин улуттук жана эл аралык деңгээлдеги оң имиджин калыптандырууга көмөк көрсөтүү;
• Ички нормативдик документтерди талкуулоого жана баалоого катышуу.

## 3. Кеңештин курамы жана түзүлүш тартиби

3.1. Кеңештин курамына төмөнкү өкүлдөр кириши мүмкүн:
•Академиялык чөйрөнүн (ЖОЖдордун, илимий мекемелердин) өкүлдөрү;
•Иш берүүчүлөр жана кесиптик ассоциациялардын өкүлдөрү;
•Студенттер жана бүтүрүүчүлөр;
•Билим берүүнүн сапатын камсыздоо боюнча эл аралык же улуттук эксперттер;
• Граждандык коомдун өкүлдөрү (мүмкүнчүлүккө жараша).
3.2. Кеңештин мүчөлөрү Агенттиктин негиздөөчүлөрүнүн жалпы жыйынынын чечими менен 3 жылдык мөөнөткө дайындалат жана кайра дайындалууга укуктуу.
3.3. Кеңеш өз курамынан Төрагасын жана Катчысын Кеңештин ыйгарым укуктарынын мөөнөтүнө шайлайт.
3.4. Кеңештин мүчөлөрү ишине акысыз негизде катышат.

## 4. Кеңештин ыйгарым укуктары.

4.1. Кеңештин укуктары төмөнкүлөрдү камтыйт:
•Агенттиктен өз ишин аткаруу үчүн зарыл болгон маалыматты сурап жана алууга;
•Агенттиктин ишмердүүлүгүнө тышкы экспертиза жүргүзүүнү демилгелөөгө;
•Стратегиялык документтер боюнча сунуштар жана эскертүүлөрдү берүүгө;
• Аккредитация процедураларынын көзкарандысыздыгын жана адилеттүүлүгүн баалоого;
• Агенттиктин башкаруу түзүмүнө жана ички документтерине өзгөртүүлөрдү сунуштоого.
4.2. Кеңештин тыянактары жана сунуштары консультативдик мүнөздө болуп, Агенттиктин жетекчилиги тарабынан милдеттүү түрдө каралышы керек.

**5. Кеңештин ишин уюштуруу**

5.1. Кеңештин жыйыны жылына кеминде бир жолу өткөрүлөт. Кезексиз жыйындар Кеңештин Төрагасынын демилгеси менен же Кеңеш мүчөлөрүнүн үчтөн бир бөлүгүнүн талабы боюнча чакырылат.
5.2. Жыйын Кеңеш мүчөлөрүнүн жарымынан көбү катышкан учурда укуктуу болуп эсептелет.
5.3. Чечимдер катышкан мүчөлөрдүн көпчүлүк добушу менен кабыл алынат. Добуштар тең бөлүнгөн учурда Төраганын добушу чечүүчү болуп эсептелет.
5.4. Бардык жыйындар протокол менен катталат жана аларга Кеңештин Төрагасы жана Катчысы кол коёт.

**6. Корутундулоочу жоболор**

6.1. Бул Эреже Агенттиктин негиздөөчүлөрүнүн жалпы жыйынынын чечими менен бекитилет жана күчүнө кирет.
6.2. Эрежеге өзгөртүүлөр жана толуктоолор Кеңештин, Агенттиктин директорунун же Агенттиктин негиздөөчүлөрүнүн сунушу боюнча киргизилип, белгиленген тартипте бекитилет.